**Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын «Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары» деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Мектеп жашына чейинки балдардын эмоционалдык, эрктик жана руханий жактан жетиле электигин эске алганда балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды балдар бакчасында (мектепке чейинки курактагы балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карата) колдонуунун мааниси, инсанды калыптандырып, руханий таалим-тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат. Улуттук жана адамзаттык руханий асыл баалуулуктардын башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта, анын ичинде элдик оозеки чыгармаларда камтылган.

Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын «Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары» деген темадагы диссертациялык иши кыргыз педагогикасындагы актуалдуу темага – балдар адабиятындагы чыгармалар аркылуу мектепке чейинки курактагы балдарды руханий жактан тарбиялоонун уюштуруу ченемдерин, илимий-дидактикалык шарттарын, формаларын аныктоо жана системалаштыруу, окутуунун азыркы талаптарга шайкеш методикасын аныктоо, эксперименттик жол менен текшерүү жана практикага сунуш кылуу маселелерине арналган.

Диссертант мектепке чейинки курактагы балдарга руханий, адеп-ахлактык тарбия берүүнүн маанилүүлүгүнө токтолгон. Ал балдардын инсандык жан дүйнөсүн ойготууда балдарга арналган көркөм адабияттын ролу эбегейсиз чоң экендигин, ал чыгармалардагы турмуш чындыгы, поэтикасы,

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 36 «18» 09 2023 ж/г

акыл-насаатка бай идеясы, чынчылдыкка тарбиялоо – булардын баары баланы жашоодогу жамандык менен жакшылыктын ажырымын аңдоого негиз болуп берерин баса белгилеген.

Изденүүчү жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүү талабына абалтан артыкчылыктуу маани берилип келет дейт. Бул баарынан мурда, илимий, педагогикалык коомчулуктун жана тиешелүү мамлекеттик кызматтардын билим берүүнүн мазмунун гана эмес, республиканын бүткүл билим берүү мейкиндигинде өсүп келе жаткан муунга руханий билим берүүгө учурдагы каражаттарын жана ыкмаларын терең карап чыгуу зарылдыгын жана шарттарын айтат. Ушул багытта, балдар адабиятын, андагы балдар фольклорунун жанрдык теги, анын ички тармактанган түрлөрүн окутуу жана түрдүү методдор менен пайдалануу маанилүү ролду ойнойт деп эсептейт. Ошондуктан балдар адабиятын теориялык жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү бир системадагы дидактикалык шарттарын түзүп алуу жана балдар чыгармаларын заманбап технологияларга ылайык окутуу методикасын иштеп чыгуу муктаждыктары изденүүчүнүн «Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары» аталышындагы темага кайрылышына түрткү берген.

*Илимий иштин: «Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун теориялык-методологиялык маселелери жана проблеманын изилдениши» деген аталыштагы 1-бабында* “руханият” түшүнүгүн кеңири ачып берүү аракетин көргөн жана мектепке чейинки курактагы балдардын руханий тарбиясы маселелерине арналган советтик жана ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде айтылган пикирлерге орун берген. Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбияны калыптандырууда элдик оозеки чыгармалардын маанилүүлүгүн жана балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун максаты, милдеттерине

токтолуп, окуу процессинде актуалдуу маселелердин бири экенин белгилөө менен, изденүүчү иштин 46-бетинде: “Көркөм чыгармалар аркылуу баланын түшүнүгү байыйт, кабыл алуу процесси активдешет, көркөм табити өөрчүйт, сүйлөгөн сөзү, койгон суроосу улам тактала берет” – деген оюн билдирген.

Иштин 1-бабында эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы мектепке чейинки билим берүү системасынын өнүгүү багыттары жана жүргүзүлгөн реформалар, балдар адабиятындагы чыгармалардын окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши жана методикалык эмгектерде изилдениши ынанымдуу иликтенген.

“Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын пайдалануу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору” аталышындагы диссертациянын 2-бабы илимий изилдөөнүн материалдары жана методдоруна, педагогикалык эксперименттин жүрүшүнө жана анын жыйынтыктарына арналган.

*Диссертант 2-баптын «Илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору» аталышындагы 1-бөлүмдө* мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар чыгармаларын окутуу боюнча изилдөөнүн максат-маанисин, багытын, жүрүшүн жана күтүлгөн жыйынтыктарын туура белгилөө үчүн анын методологиясын, дидактикалык принциптерин аныктап алуу аракетин көргөндүгүн белгилейт. Изилдөө ишинде балдар адабиятын окутуу боюнча методикалык изилдөөлөр, педагогдордун эмгектери, балдардын жаш курагына карата кандай ишмердүүлүктү жүргүзүү керектигин аныктаган психологиялык изилдөөлөр, балдар чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк сапаттарын ачып көрсөткөн эстетика, адабият таануу, лингвистика боюнча эмгектер, билим берүү системасынын багыттарын чагылдырган нормативдик документтер: мыйзамдар, окуу планы, балдар адабиятын окутуунун концепциялары, стандарттары, окуу программалары, окуу китептери, баалоонун жана баа коюунун нормалары, педагогдор, мектепке чейинки билим берүүнүн адистери, тарбиячылар жана мугалимдердин тажрыйбалары изилдөө иштеринде таяныч болуп берген.

Эксперимент жүргүзүү учурунда негизги параметр катары аныктоо иштери жүргүзүлгөн, анын негизинде: тарбиячы, методисттер менен балдар чыгармалары руханий тарбиялоонун каражаты катары колдонуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө маектешүүлөр, балдар менен тарбиялык маселелер жөнүндө баарлашуулар, мектепке чейинки чөйрөдө балдардын ишмердүүлүгүнө кыйыр түрүндө байкоо жүргүзүү иштери, балдарды руханий жактан тарбиялоодо көркөм адабиятты колдонуу боюнча ата-энелерге суроолорду берүү, алардын жоопторун классификациялоо иштери каралган. Изилдөөдө мектеп жашына чейинки курактагы балдардын руханий, адеп-ахлактык сезимдерин калыптандырууну системалаштыруу иштеринин жыйынтыктары ынанымдуу чыгарылган.

*“Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын окутуунун формалары, методдору жана технологиялары” аталышындагы 3-бапта* балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун формалары жана методдору, мектепке чейинки балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуу аркылуу руханий тарбиясын, билимин калыптандыруунун технологиялары каралган.

Иштин 124-бетинде диссертант: “Бала бакчалардагы предметтик программаларда сунуш кылынган балдар чыгармаларын үйрөтүүдө эң биринчи окуу материалынын мазмунун жана окутуу методикасын баланы билимге ээ кылуу жараянында тарбиячы аларды тарбиялоо милдеттерин чечүүгө пайдалана билүүсү зарыл” – деп эсептейт. Изилдөөдө окутуп, тарбиялоонун зарыл деп тапкан методдорун, формаларын зарылдыгына жараша колдонуу үчүн алардын максат-милдеттерине, объектилери менен предметине жана классификацияланышына, түрлөрүнө маани берүүнүн зарылдыгы белгиленген.

Балдарды көркөм адабият менен тааныштыруунун ыкмаларына өзгөчө көңүл бурулуп, алардын түрлөрү кеңири талдоого алынган. Балдарды көркөм адабият менен тааныштырууда ата-энелер менен иштөөнүн маанилүүгүнө көңүл бурулуп, ата-энелер менен иштөөнүн бир катар формалары сунуш

кылынган. Иштин 134-бетинде: “Мугалимдердин жана ата-энелердин биргелешкен эмгеги аркылуу балдарда көркөм адабияттын өзгөчөлүктөрү тууралуу түшүнүктөр калыптанат, ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды бүтүндөй кабыл алуу жөндөмү өсөт” – деп берилген.

Мектепке чейинки балдарга балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуу аркылуу руханий тарбиясын, билимин калыптандырууда окутуунун технологиясынын туура тандалышынын маанилүүлүгү дал ушул бапта каралган. Окутуунун технологиясы кеңири иликтөөгө алынып, тарбия сааттарынын жана бала бакчалардагы «Кеп өстүрүү, көркөм адабият» сабактарынын үлгүлөрү сунуш кылынган.

Диссертацияда изденүүчү тарабынан темага ылайык методологиялык эмгектер изилденген жана алардын идеялары ишке сиңирилген. Диссертант изилдеген темасын ачып берүүдө мектепке чейинки билим алуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык, алардын окурмандык кызыгууларын кылдат биле тургандыгын көрсөткөн жана проблемага ошол аспектиден мамиле кылган.

Илимий изилдөөнүн теориялык жоболору эмгекте жалпысынан жеткиликтүү жана ынанымдуу чыгарылган.

М.Асаналиеванын диссертациялык иши жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын окутууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча өз салымын кошот деген ойдобуз. Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен чагылдырылган, андан эмгектин логикасын аңдап билүүгө болот. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөрүлгөн.

Жарыяланган эмгектердин баары – 17 жана алар теманын негизинде жазылып, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Эмгек боюнча айрым бир **кемчилдиктерди жана сунуштарды** айта кетүү зарыл деп эсептейбиз. Алар:

курагына жараша (кенже, орто жана жогорку топтордо) кайсы чыгармалар окуу программасына киргизилгендиги, ал чыгармаларга карата изденүүчүнүн пикири берилген эмес. Мисалы, кайсы чыгарма балдардын кебин өстүрүүгө, кайсы чыгарма руханий баалуулуктарды калыптандырууга жардам берерин конкреттүү чыгармалардын мисалында берсе жакшы болмок.

2. Диссертацияда мектепке чейинки билим берүүдөгү жаш курактарынын ичинен орто жана жогорку топторго көбүрөөк көңүл бурулуп, кенже топ көңүл сыртында калып калгандай.
3. Иштин "Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын окутуунун формалары, методдору жана технологиялары" аталышындагы 3-бабына окутуунун формалары, методдору жана технологиялары боюнча конкреттүү практикалык мисалдар, айрым чыгармаларды өтүүнүн иштелмелери ишке сиңирилсе жакшы болмок.
4. Диссертацияда айрым орфографиялык каталар кездешет.

Бирок бул кемчилдиктер ишти редакциялоо учурунда арылтууга мүмкүн боло турган кемчиликтер.

**Жыйынтыктап айтканда,** Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын «Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферати Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 2.10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору М.М.Асаналиева аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент** педагогика илимдеринин кандитаты,

М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун доценти Шералиева А.Ж.

Дата поступления отзыва
в ДС 13.23.673 10.03.2023
Уч. секр. Омурбаева А.К.